| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 14-мартындагы №30 чечими менен бекитилген | Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2021-жылдын ___ -мартындагы №______буйругу менен макулдашылган |

# Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана жарандардын ден соолугун коргоону камсыз кылуу боюнча аракеттеринин алгоритми

Ушул алгоритм Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу тобокелчиликти алдын алуу максатында, Кыргыз Республикасында шайлоону, референдумду уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун коргоону камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

Алгоритм бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, талапкерлер, саясий партиялар, «макул» тобу, «каршы» тобу жана алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын өкүлдөрү, шайлоо процессине катышкан юридикалык жана жеке жактар тарабынан милдетүү аткарууга жаткан бир катар талаптарды камтыйт.

Белгиленген талаптарды аткаруу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумду даярдоо жана өткөрүү боюнча штабдардын жетекчилерине, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, шайлоо комиссияларына жүктөлөт.

Дезинфекциялоо каражаттарын, коргоочу бет каптарды, бир жолку кол каптарды пайдалануу, 1,5-2 метрдик социалдык аралыктарды сактоо, шайлоочулардын идентификациядан өткөн учурларын кошпогондо кол кармашып учурашуудан жана башка тике контакттардан качуу, шайлоо процессинин бардык стадияларында шайлоо процессинин катышуучулары үчүн милдеттүү шарттар болуп саналат.

Талаптарды аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүдө кодексинде каралган жоопкерчиликти тартууга алып келет.

## 1. Аймактык шайлоо комиссияларынын иши

1. Аймактык шайлоо комиссиясы (мындан ары – АШК) тарабынан талапкерлерден, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнөн

арыздарды жана башка документтерди кабыл алганда төмөндөгү санитардык-эпидемиологиялык эрежелер сакталат:

- күн сайын АШКнын орун-жайларын, иш жүргүзүүчү үстүнкү беттерди жууп-тасалоочу каражаттар менен нымдуу тазалоо жана дыкат дезинфекциялоо жүргүзүү;
- орун-жайдын кире беришин санитайзер же колдорду дезинфекциялоо үчүн башка каражаттар менен жабдуу, ошондой эле жооптуу адамдардын келүүчүлөрдүн дене табын контактсыз ыкма менен текшерүүсү;
- АШК мүчөлөрүнүн жана АШКга келүүчүлөрдүн бет каптарды, кол каптарды жана башка жекече коргоо каражаттарын милдеттүү пайдалануусу;
- адамдардын ортосунда 1,5–2 метрден кем эмес социалдык аралыктарды сактоо;
- эмеректерди жана техникалык жабдууларды бири биринен 1,5–2 метрден кем эмес аралыкта жайгаштыруу.

## 2. Участкалык шайлоо комиссияларынын иши

2. Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары – УШК) тарабынан шайлоочулардан, референдумдун катышуучуларынан каталар, так эместиктер тууралуу арыздарды кабыл алганда төмөндөгү санитардык-эпидемиологиялык эрежелер сакталат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан күн сайын УШКнын орун-жайларын, иш жүргүзүүчү үстүнкү беттерди жууп-тасалоочу каражаттар менен нымдуу тазалоо жана дыкат дезинфекциялоо жүргүзүү камсыз кылынат;
- ар бир шайлоочуга, референдумдун катышуучусуна идентификациялоо жүргүзүлгөнгө чейин жана жүргүзүлгөндөн кийин идентификациялоо жабдууларын дезинфекциялоо;
- орун-жайдын кире беришин санитайзер же колдорду дезинфекциялоо үчүн башка каражаттар менен жабдуу, ошондой эле жооптуу адамдардын келүүчүлөрдүн дене табын контактсыз ыкма менен текшерүүсү;
- УШК мүчөлөрүнүн жана УШКга келүүчүлөрдүн бет каптарды, кол каптарды жана башка жеке коргоо каражаттарын милдеттүү пайдалануусу;
- адамдардын ортосунда 1,5–2 метрден кем эмес социалдык аралыктарды сактоо;
- шайлоо участкасынын орун-жайларында шайлоочулардын, референдумдун катышуучулардын бет кап режимин сактоосу;
- эмеректерди жана техникалык жабдууларды бири биринен 1,5–2 метрден кем эмес аралыкта жайгаштыруу.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардан шайлоочулардын тизмесиндеги өзү жөнүндө маалыматтарды тактоого, ондоого байланышкан бардык маселелерди шайлоочулардын «ТИЗМЕ» https://tizme.gov.kg/ мамлекеттик порталы аркылуу чечип алууну сунуштайт.

## 3. Талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин көрсөтүү

4. Саясий партиялар шайлоо жөнүндө мыйзамдарга, «Саясий партиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, партиянын Уставына ылайык жашыруун добуш берүү жөнүндө талаптарды милдеттүү түрдө сактоо менен онлайн режиминде же офлайн режиминде талапкерлердин тизмесин көрсөтүү боюнча саясий партиялардын съезддерин (конференцияларын), алардын аймактык бөлүмдөрүнүн чогулуштарын (конференцияларын) өткөрүүнүн жолдорун өз алдынча аныкташат.

Санитардык-эпидемиологиялык нормаларды жана жарандардын ден соолугун сактоо максатында саясий партиялар офлайн режиминде партиянын съезддерин же чогулуштарын өткөргөн учурда съезддин делегаттарынын санын кыскартуу мүмкүнчүлүгүн (эгерде партиянын Уставында ушундай мүмкүнчүлүктөр каралса) кароосу зарыл. Ошондой эле партиянын съезддерин орун-жайдан тышкары (ачык жерлерде) өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунуш кылынат.

5. Офлайн түрүндө съездди өткөрүүдө саясий партиялар төмөндөгү сунуштарды эске алууга тийиш:

- саясий партиянын съезди өтүүчү орун-жайдын кире беришинде төмөндөгүдөй «чыпкалоону» уюштуруу:
- съезд башталар алдында орун-жайларды, иш жүргүзүүчү үстүнкү беттерди жууп-тасалоочу каражаттар менен жыйноо жана дезинфекциялоо жүргүзүү;
- кире бериште контаксыз ыкма менен съездин катышуучусунун дене табын текшерүү;
- орун-жайдын кире беришинде дезинфицияланган арлашмага чыланган килемченин болушу;
- съезди өткөрүүнүн эрежесин жана коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө норманы кире бериште жайгаштыруу;
- орун-жайдын кире беришинде жана ичинде колду дезинфекциялоо үчүн санитайзерди же башка каражаттарды пайдаланууну камсыз кылуу;
- съезддин бардык катышуучуларынын бет кап же респиратор тагынуу режимин милдеттүү сактоосу;
- съезд өтүүчү орун-жайдын кире беришинде жана анын ичинде аралык белгилерин орнотуу;
- съездин бардык жол-жоболорун өткөрүүдө съездин катышуучуларынын ортосундагы аралыкты (1.5-2м.) сактоону көзөмөлдөгөн адамды дайындоо.

6. Жасалма желдетүү системасы жок болгон учурда абаны дезинфекциялоо үчүн рециркулятор орнотуу, ал жок болгон учурда ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөттөн орун-жайды желдетүүнү камсыз кылуу.

Эгерде айлана чөйрөнүн сырткы температурасы 18 градустан жогору болгон учурда, орун-жайды жел урбагандай шартта туруктуу желдетип туруу.

## 4. Шайлоо алдындагы үгүт

7. Үгүт иштерин теле көрсөтүү, радио, аудио жана видео форматтарын пайдалануу менен онлайн режиминде өткөрүү сунуш кылынат. Офлайн жолугушуусу адамдардын массалык топтолуусуна жол бербөө талаптарын эске алуу менен орун-жайдан сырткары (ачык жерде) өткөрүү сунушталат.

8. Үгүт материалдарын (буклеттерди, газеталарды, дисктерди, желекчелерди, значокторду ж.б.) таркатуу милдеттүү түрдө бир жолку кол каптарды жана бет каптарды пайдалануу менен ишке ашыруу зарыл.

9. Офлайн режиминде орун-жайдан тышкары же орун-жайдын ичинде шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүлгөн учурда талапкерлер, саясий партиялар, «макул» тобу, «каршы» тобу мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөөнүн аймактык органдарына алдын ала маалымдайт жана төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

а) шайлоочулар менен жолугушуу үчүн орун-жайды алдын ала жууп-тазалап, дыкат дезинфекциялоо жүргүзүү;

б) шайлоочулар менен жолугушуу үчүн орун-жайдын/аймактын кире беришинде үгүт иш-чарасынын катышуучуларынын дене табын текшерүү;

в) орун-жайдын/аймактын кире беришинде катышуучулардын колдорун антисептик каражаттары менен иштетүү;

г) үгүт иш-чарасынын бүткүл мезгилинде иш-чаранын бардык катышуучуларынын бет каптарды, кол каптарды жана жеке коргоочу башка каражаттарды милдеттүү пайдалануусу;

д) үгүт иш-чарасынын бардык катышуучуларынын ортосунда социалдык аралыкты - 1.5-2 метрден кем эмес аралыкты сактоо;

е) абаны дезинфекциялоо үчүн рециркулятор орнотуу, ал жок болгон учурда ар бир 30 мүнөт сайын 15 минуттан орун-жайды желдетип туруу.

Эгерде курчаган чөйрөнүн сырткы температурасы 18 градустан жогору болгон учурда, орун-жайды жел урбагандай шартта туруктуу желдетип туруу.

## 5. Орун-жайдан тышкары добуш берүү

10. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атайын үйрөтүлгөн адамдары орун-жайдан тышкары добуш берүүгө чыгардын алдында комиссия мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, талапкерлердин, партиялдардын, ЖМК жана интернет-басылмалардын өкүлдөрүнүн дене табын текшерүүнү камсыз кылат.

11. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо комиссиялары үчүн берилген транспорттун үстүнкү жумушчу беттерин дезинфекациялоочу каражаттар менен алдын ала иштеп чыгууну камсыз кылат.

12. Орун-жайдан тышкары добуш берүүгө чыгып жаткан УШК мүчөлөрү үчүн жеке коргоо каражаттары жана бахилалар, бир жолку кол каптар, санитайзерлер берилет.

13. Добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш беришкен шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына акысыз бир жолку кол каптар жана бет каптар берилет.

14. Байкоочуларды, талапкерлердин, саясий партиялардын, ЖМК өкүлдөрүн, «макул» тобун, «каршы» тобун жеке коргоочу каражаттары менен камсыз кылууну жөнөтүп жаткан уюмдар ишке ашырат.

15. Ар бир шайлоочуну, референдумдун катышуучусун идентификациялоого чейин жана ал чыккандан кийин идентификациялоо жабдуусун жана АСУну дезинфекциялоо жүргүзүлөт.

16. Добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берүү аяктагандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопту адамы тарабынан УШК мүчөлөрүнүн абалы көзөмөлдөнөт.

## 6. Добуш берүү күнү

17. Добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде «киргизүү чыпкасын» уюштуруу:

18. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопту адамынын кире бериште контактсыз жол менен шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын дене табын текшерүүсү

19. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде дезинфекциялоочу аралашмага чыланган килемчени төшөөнү уюштурууну камсыз кылуусу.

20. Шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын колдорун санитайзер менен же добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде дезинфекциялоо үчүн каражаттар менен иштетүүнү камсыз кылуу.

21. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын шайлоо участкасынын, референдум участкасынын кире беришинде коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө плакатты жайгаштыруусу

22. Шайлоо участкасынын, референдум участкасынын кире беришинде добуш берүүгө катышкандардын бекитилген кирип чыгуу схемасынын болушу.

23. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын шайлоо участкасынын, референдум участкасынын аймагында жана добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде аралык белгилерин (чийимдерин) камсыз кылуусу.

24. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин көмөктөшүүсүндө 1,5-2 метрден кем эмес социалдык аралыктарды жана бет каптарды тагынуунун милдеттүү режимин сактоо жөнүндө шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

25. Шайлоо участкасына, референдум участкасына киреррде шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына жеке коргоо каражаттарын (бир жолку бет каптарды жана кол каптарды) акысыз берүү.

## 7. Добуш берүү үчүн орун-жай

26. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын добуш берүү процесси башталганга чейин добуш берүү үчүн орун-жайды жана бардык үстүнкү беттерди жууп-тазалоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоосу жана дыкат дезинфекциялоосу

27. УШКнын бардык мүчөлөрүн жеке коргоочу каражаттар менен камсыз кылуу.

28. Байкоочуларды, талапкерлердин, саясий партиялардын, ЖМК өкүлдөрүн, «макул» тобун, «каршы» тобун жеке коргоочу каражаттары менен камсыз кылууну жөнөтүп жаткан уюмдар ишке ашырат.

29. Добуш берүү үчүн орун-жайдын ичинде санитайзердин болушу.

30. Эмеректерди, добуш берүү үчүн кабиналарды жана технологиялык жабдууларды бири биринен 1,5-2 метрден кем эмес аралыкта жайгаштыруу.

31. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү 1,5-2 метрден кем эмес аралыктарды сактоо менен жайгаштырылат жана ар бир шайлоочу менен иштеп бүткөндөн кийин антисептик каражаттары менен колдорун иштеп чыгышат

32. Добуш берүү кабинасы парда тартылбай пайдаланылат

33. Добуш берүү үчүн орун-жайда же анын жанында коронавирус инфекциясын жуктурууну алдын алуу боюнча сунуштар жазылган маалымат стенддерин жайгаштыруу.

34. Добуш берүү үчүн орун-жайдын ичинде аралык белгилеринин (сызыктарынын) болушу.

35. Шайлоочулар, референдумдун катышуучусу үчүн кирип-чыгуу белгилерин (сызыктарды) көрсөтүү.

36. Байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын, ЖМК өкүлдөрү, «макул» тобу, «каршы» тобу үчүн орун алуучу жайлар социалдык аралыктарды сактоо менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат. Мында аталган адамдарга добуш берүүнүн жүрүшүн, добуштарды саноо жол-жобосун даана көрүп туруу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат.

37. Жасалма желдетүү системасы жок болгон учурда, ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөттөн орун-жайды желдетүүнү камсыз кылуу. Эгерде сырткы айлана чөйрөнүн температурасы 18 градустан жогору болсо, орун-жайды жел урбагандай шартта туруктуу желдетип туруу.

38. Пайдаланылган бет каптарды жана кол каптарды утилизациялоо үчүн добуш берүү үчүн орун-жайдын чыга беришинде контейнер жайгаштыруу.

## 8. Добуш берүү процесси

39. Шайлоо участкасында шайлоочу, референдумдун катышуучусу УШКнын мүчөсүнө Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөтөт.

40. Манжаларынын белгилери боюнча идентификациялоодон өтүүдө шайлоочу, референдумдун катышуучусу кол кабын чечип, колдорун антисептикалык каражаттары менен иштетип идентификациялоодон өтөт жана идентификациялоодон өткөндөн кийин колдорун кайра иштетип, кол кабын кайра киет.

41. Бетинин биометрикалык параметрлери боюнча идентификациялоодон өткөндө шайлоочу, референдумдун катышуучусу бет кабын убактылуу алдына түшүрүп, идентификациялоо бүткөндөн кийин аны кайра киет.

42. Ар бир шайлоочуну, референдумдун катышуучусун идентификациялоо жол-жобосуна чейин жана аны өткөргөндөн кийин идентификациялоо боюнча жабдуу спирттелген салфетка менен дезинфекцияланат.

43. Добуш берүү үчүн кабина жана автоматтык эсептөөчү урналар ар бир 60 мүнөттө эки иреттен кем эмес дезинфекциялоочу каражаттар менен иштетилет.

44. Ооруунун белгилери бар шайлоочулардын добуш берүүсү үчүн өзүнчө кабина болууга тийиш.

45. Добуш берүүнүн жүрүшүндө, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдорго кол коюуда участкалык шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсү өзүнүн калемин колдонууга тийиш.

46. Добуш берүү үчүн үкөктөрдү ачарда анын үстүнкү бети антисептик каражаттары менен иштетилет.

## 9. Шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына сунуштар

47. Добуш берүү үчүн орун-жайга киреерде дене табы текшерилип, колдору иштетилгенден кийин участкалык шайлоо комиссиялары берген бет каптарды жана кол каптарды кийүү.

48. Идентификациялоодон өтүү учурун кошпогондо, шайлоо участкасында болгон учурда бет каптарды жана кол каптарды чечпегиле.

49. Добуш берүү үчүн орун-жайдан сырткары, ошондой эле анын ичинде 1,5- 2 метр аралыкты сактагыла.

50. Балдарды кошо ала келбегиле.

51. Ооруунун белгилери бар, же болбосо оорукчан менен контактта болгон, же болбосо обсервацияда турган жана өзүнүн активдүү шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууну каалаган шайлоочуларга, референдумдун катышуучуларына төмөндөгүлөр сунуш кылынат:

- добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү жана үйүндө добуш берүү жөнүндө арыз менен тийиштүү участкалык шайлоо комиссиясына кайрылуу;

- шайлоочу активдүү шайлоо укугун шайлоо участкасында добуш берген күнү жүзөгө ашырууну каалаган учурда, шайлоо участкасына саат 18:00дон кийин келүү сунуш кылынат.

---